керек. Эгер суу эсептөө аспабыараттын ичинде жайгашса ал өткөрмө түтүктүн киргизмеси тарабынан биринчи дубалдан жайгашыш керек. Суу эсептөө аспабы орнотулган имарат тазалыкта кармалып жана зарыл болсо кулпуга бекитилиш керек.

4.5. Суу эсептөө аспабын имараттын подвалында сактоо мүмкүнчүлүгү жок болсо аны имараттын жылуу подъездинде орнотсо болот “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ менен макулдашылган проектине ылайык,жана азыркы Эрежелердин 4.4. пунктун шарттарын сактоо менен;

4.6. Эгерде суу эсептөө аспабы атайын камерада орнотулса анда ал камерага бөлөк кирүү жасалат,эшик менен жабылуучу өзгөчө абалда суу эсептөө аспабы кудукта орнотулат;

4.7. Суу эсептөө аспаптары Н и П жана ГОСТко ылайык орнотулушат жана колдонулушат.Суу эсептөө аспаптары Кыргыз Республикасынын стандартизация жана метрология органынын ыйгарым укутуусу тарабынан текшерилиш жана пломбалоо керек.Суу эсептөө аспаптарын ондоо жана текшерүү “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ актына ылайык ээсинин эсебинен атайын уюмдун суу өлчөө чеберканасында жүргүзүлүшү керек;

4.8. Абонент ичүүгө жарактуу сууну колдонуусу өзгөрүлгөн учурда “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ макулдашылган проектине ылайык суу өлчө түйүнүнө кайра куруу иштерин жүргүзөт.

5. Берилген (алынган) ичүүгө жарактуу суунун жана канализациялык агымдардын кабыл алуусун (түшүнүгүнүн) өлчөмүн эсептөө.

5.1. Ичүүгө жарактуу сууну эсептөө.

5.1.2. Абонент ай сайын “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ ичүүгө жарактуу суу эсептөө аспаптарынын көргөзүүлөрүн өткөрүп бериш керек,андан кийин сууколдонуу жана агымдарды таштоо төлөмүнө эсеп алыш керек;

5.1.3. Эгерде ичүүгө жарактуу суунун эсептөө аспабы бузулуп калса абонент көрсөткүчтөрдү тактоо жана пломбаларды чечүү үчүн “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” ММ өкүлү берилген иштердин аткарылышы нарядынын негизинде жүргүзүлөт.Коротулган суунун көлөмү эки айга орто күндүн чыгашасы боюнча эсептелет;

5.1.4. Суу эсептөө аспабынын көзөмөлдүү көрсөткүчтөрүн алуу “Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты” МИ көзөмөлчүсү менен жүргүзүлөт,же анын йыгарым укуктуу өкүлү менен абоненттин катышуусунда. Көзөмөлчү милдеттүү: суу эсептөө аспабынын пломбаларынын сакталышын,кошулуучу бөлүктөрдүн